ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XVIII (он сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 14-июлу №88/ XVIII -29** **Алмалуу айылы**

**Маршруттук унаалардын жол кире тарифин өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

«Каниет КЖ» жоопкерчилиги чектелген коомунун 2026-жылдын 20-майындагы №22 кайрылуусунун негизинде, жергиликтүү тургундардын жыйынын эске алуу менен, күйүүчү-майлоочу материалдардын, запастык бөлүктөрдүн жана техникалык тейлөөнүн баасынын жогорулашына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 19-июнундагы №154 «Автомобиль транспорту жөнүндө» мыйзамынын 11 статьясынын 2 пунктусуна ылайык, **Ысык-Ата айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Калкты ташуучу маршруттук унаалар үчүн жол кирениин тарифи төмөнкүдөй өлчөмдө бекитилсин:
   - **Тогуз-Булак жана Кебек-Бий айылдары – 90 (токсон) сом**;
   - **Алмалуу жана Жогорку Ичке-Суу айылдары – 80 (сексен) сом**;
   - **Норус жана Ичке-Суу айылдары – 70 (жетимиш) сом**.
2. Жаңы тариф ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып колдонулсун;
3. Маршруттук каттамдарды тейлеген ташуучуларга бекитилген тарифти так сактоо жана жүргүнчүлөргө алдын ала маалымдоо милдеттендирилсин;
4. Бекитилген тарифтердин колдонулушуна көзөмөл жүргүзүү Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын;
5. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кенешинин социалдык иштер (ден-соолук, билим берүү, маданият, укук коргоо, мыйзамдуулук жана туризм) боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

**Төрага** **Н.Ибраимов**